УДК 398.1:172 (575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-131-137

**Чолпонбай уулу Азат**
А. А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту КР УИА Улуттук жана чет элдер философиясы бөлүмүнүн кенже илимий кызматкери
**Чолпонбай уулу Азат**
младший научный сотрудник отдела национальной и зарубежной философии Института философии, права и социально-политических исследований им. Акдем. А.А. Алтымышбаева НАН КР
**Cholponbai uulu Azat**
Junior Researcher Department of National and Foreign Philosophy Institute of philosophy, law and socio-political researches named after A. A. Altymyshbaev
**e - mail:** azat.tuloberdiev@gmail.com

# КЫРГЫЗ ШАМАНЧЫЛЫГЫНДАГЫ АЙРЫМ КААДА-САЛТТАР
# НЕКОТОРЫЕ ТРАДИЦИИ КЫРГЫЗСКОГО ШАМАНСТВА
# SOME TRADITIONS OF KYRGYZ SHAMANISM

**Аннотация:** Бул макала кыргыздардын дүйнө таанымындагы шаманизмдин орду, таасири жана жошоосундагы шаманизмге таандык каада-салттары тууралуу айрым пикирлер, изилдөөлөр жана жыйынтыктар жазылды. “Шаманизм” термини алынып, орто азия элдеринин маданиятына салыштырылып, анализденди.

**Негизги сөздөр:** шаманизм, кам, бакшы, көкө теңир, рух, дин, аскет.

**Аннотация:** В данной статье изложены некоторые мнения, исследования и выводы о месте, влиянии и обычаях кыргызов на шаманизм в мировой науке. В качестве основного понятия был взят термин “шаманизм", сравнительный анализ культуры народов Средней Азии.

**Ключевые словы:** шаманизм, кам, бакши, коко тенир, дух, религия, аскет.

**Annotation:** This article presents some opinions, research, and conclusions about the place, influence, and customs of the Kyrgyz on shamanism in world science. As the main concept, the term “shamanism" was taken, a comparative analysis of the culture of the peoples of Central Asia.

**Keywords:** shamanism, kamakshi, coco tenir, spirit, religion, ascetic.

Бүгүнкү күндө ар бир эл өз тарыхына, маданий баалуу булактарына кайрылуусу менен алардын маданий баалуулуктарга болгон кызыгуулары жогорулоодо. Коомдук аң-сезимдин бир формасы болгон дин, анын генезиси, өсүп-өнүгүү тарыхы жана диндин адеп-ахлак идеяларын билүү бүгүнкү күндө республикабызда актуалдуу маселелерден болуп келет.

Республикабыз демократиялык жобого негизденген жарандык коомго умтулган өлкө катары дин эркиндигин тутуп келет. Ким кандай динди тутары анын эрки. Бирок диний ишеним адам баласынын өз эрки менен түптөлүп, жалпы элдик биримдикке зак келтирбеши керек. Диний ишеним бирөөлөрдүн турмушуна бүлүк салуу эмес, барга-жокко бирдей топук кылып, жаратканга жакпас туура эмес иш-аракеттерден алыс болуу.

Диндердин негизги башаты болгон-тотемизм, анимизм, фетишизм жана шаманизм байыркы элдердин руханий жашоосунун негизи болгон. Бүгүнкү күндө Орто Азия, Казакстан жана Кыргызстанды классикалык исламдын мекени деп айтуу ката болоор эле дейт А.Табышалиева [1].

**Шаманиз:** «Шаман» сөзү («ша-ман» деп айтылат). Уде дарыясынын боюнда жашаган тунгустардын тилинен келген. Кыргыз тилине которгондо, ал «акылман адам», «бир нерсени билген адам» дегенди билдирет. Өз денесинин чектөөлөрүнөн чыгып, акыл-эсинин чектерин кеңейтип, өзгөчө касиеттерге ээ болгон жана терең рухий тажрыйбаны башынан өткөргөн адам - шаман деп эсептелген. «Шаман» сөзү диний кызматкер маанисинде биринчи жолу Россияда, тунгустардан угуп, кабарланып XVII к. Сибирдеги аскер кызматындагы адамдардын жазма маалыматтарында пайда болгон. Ал илимде кеңири тараган «шаманизм» же «шаманчылык» деген аталыштын негизин түзүп калды.

Байыркы түрктөр да, азыркы алтай-саян элдери да «шаман» термини менен тааныш болушкан эмес. Аларды «кам» деп аташат. Камдардын өз көз караштары, өз философиясы, ички дүйнөсү болгон. Айрымдары дарыгерлик, көзү ачыктык касиеттерге да ээ болушкан, ошондуктан аларды “рухтардын өкүлдөрү” деп эсептешкен [2].

Көчмөндөрдө шамандар көзү ачыктын ролун аткарууга жана жоокерлерге урушта жеңишке жетишүүгө ишенимдүүлүк сезимдерин пайда кылууга тийиш болгон. Шамандар катардагы жоокерлерди эмдеп-домдошкон жана аларга каган менен бирдикте зарыл медициналык жана руханий жардамдарды көрсөткөн.

Шаман болууга тийиш болгон адам, бала чагынан өзгөчө касиеттерге, башкалардан айырмалап турган белгилерге ээ болгон деп эсептелген. Келечектеги шаманга түшүндө же өңүндө рух-колдоочу келген жана шаман болууга аргасыз кылган. «Тандалгандар» шамандык касиетти алууга каршылык көрсөтүшкөн жана моюн сунбагандарды жазалоо катары кыйноо жана өлүм коркунучу астында рухтардын кыстоосуна көнүшкөн. Баш тарткан учурда, оор дартка кабылып, кээде өлүп калышы да мүмкүн болгон.

Сыноолордон ийигиликтүү өткөндөн кийин гана, шаман өз милдеттерин аткарууга кирише алган.

Жин-колдоочулар оорулууларга зыян кылган жана шамандык таасир этүүнүн башкы объектиси болгон. Кыргыздар, жиндер ээн талааларда, тоо капчыгайларында, адамдардын көзүнө азыраак чалдыккан, караңгы жерлерде бейиттерде, оттун күлүндө жашайт деп эсептешкен. Алар дарыялардан жана андан соң баткактуу чөөттөрдөн сан жеткис жиндерди көрүшкөн. Ушул себептен улам, кыргыздар күн баткандан кийин сууга баруудан качышкан, ал эми түн ичинде аялдардын сууга барышы таптакыр жол берилгис нерсе катары эсептелген. Ушул эле себептер боюнча, кыргыздарды эч кандай күч күлдү басууга аргасыз кыла алган эмес.

Ар бир шамандын өз - жини, өзүнүн ыйык жаныбары: аты, ити, чымчыгы болгон жана алар курмандыкка чалынуучу жаныбарлардын катарына да кирген. Сыйынуу учурунда шаман рухтарга, өз жинине, ыйыктарга жана башкаларга, адамдарды оорулардан арылтуу, жин-шайтандарды кубалоо максатында ыр-сөз менен кайрылган. Ушуну менен бирге, ал комузда жана дапта өзү ойногон.

Өзүн камчы менен сабап, оорулууну, айланасындагыларын камчы менен урган, жылаңайлак абдан ысыган темирдин үстүндө баскан. Ал жиндерди курмандыкка чалынган жаныбарлардын эти менен сыйлаган.

Кыргыздар эркек шамандарды (бакшы), аялдарын (бүбү-бакшы) деп аташкан. Шамандар эки категорияга: кара жана ак бакшыларга бөлүнүшкөн. Кара бакшылары эң кубаттуулары деп эсептелген. Анткени, алар кара жиндерди кубалай алышып, ошондой эле, кааласа аларды башка адамдын же жаныбардын денесине жөнөтө алган. Ак бакшылар өсүмдүк, жаныбар жана минералдык тектеги дарылоо каражаттарын ийгиликтүү пайдаланышкан. Ак бакшылар бөтөнчө бир күчтүү психологдор болгондуктан, өлүүгө тийиш болгон оорулууга барышкан эмес. Алар бул тууралуу айтышкан эмес, бирок алдын ала билишкен. Тынчтандыруучу магиянын элементтери бар ак бакшылардын ырымдары - көз тийүүнү алып салуу, жолун ачуу, балдардын атын которуу жана башка дубаларды окуу иштерин жасашкан. Кыргыз бакшылары көз, тиш, кол жана бут ооруларын, ичеги-карын ооруларын, шал оорусун жана нерв-психикалык ооруларды дарылай алышкан.

Байыркы түрк шамандары күнгө, асманга, жылдыздарга жардам сурап кайрылышкан. Кудайдын урматына майрам уюштурушуп, тоодо курмандык чалышкан. Маркумдарды ошол жерге коюшкан. Булардын бардыгы кыргыз бакшыларында да сакталган.

Кыргыз, казак элиндеги шаманизм-дубаначылык, эмчи-домчу, көзү ачыктык, төлгө тартуу, алдын ала көрө билүү ж.б. мусулмандык ишенимдер менен жуурулушуп кеткен. Алар Мухаммедди билбесе да, аны жайылткан кожолордун айтканын угуп сыйлашкан. Ал эми шамандар болсо өз ишеними менен отко сыйынып, мусулман периштелерин чакырып Аллахка мактоолорун айткан, бул өз кезегинде бири-бирине жолтоо болбостон, бир бүтүндүктө кабыл алынган. Кыргыз шаманынын дубаначылык түрү, (дубана - элди аралап, же болбосо айрым адамдарга жолугуп батасын берип, алдын ала боло турган окуяны айткан адам) «Манас» эпосунун саптарында төмөндөгүчө баяндалат:

Бир ак сакалчан дубана Жакып хандын түшүнө кирип келиптир: «Атыңдын оозун бур Жакып, Кыдыр алейки салам мен элем, Бүгүн эркек уулдуу болосуң, Атын Манас кой Жакып. Телегейи тең болот. Ичин карап олтурсаң, Ушул жер жүзүнөн кең болот. Кара калмак, манжууга Чоң жинди атка коё көр! Ушул бүгүн туулган балаңдын Колдогону Кожосан, Жөлөгөнү – кырк чилтен» [3]. Бул саптардан баамдагандай, кыргыздарда

шаманчылыктын түрү болгон дубаначылыктын сүрөттөлүп жаткандыгын байкай алабыз.

Шаман сөзүнүн бир мааниси болгон аскет – бул эң бийик максаттарга жетүү үчүн обочолонуу, жалгыздануу деген маанини билдирет [4].

Шаманды кыргыздар «бакшы» дешкен, монголчо «мугалим» дегенди, уйгурча «сабаттуу адам», ал эми түркмөн, өзбек, каракалпактарда «ырчы» дегенди билдирет [5].

Кам – түрк элдеринде кеңири таралган ырасмыларын жана негизги диниятчы милдетин аткарган адам. Кийинчиреек бир катар элдерде «кам» термининин ордуна бакшы-бүбү деген сөздөрдү колдонуп келген. Бул сөз башка түрк тилдүү элдердин лексикасында кездешпейт, ал жапон тилинде синто дининин ыйык түшүнүктөрүнүн бири болуп саналат [6].

«Шаманчылык жана аны менен байланыштуу болгон дүйнөгө көз караш, ошондой эле ооруларды эмдөөнүн ага негизделген жолу эски кыргыз турмушундагы баарынан көбүрөөк туруктуу келген көрүнүштөрдүн катарына кирген», - дейт А. В. Анохин [7].

Айрым булактарга таяна турган болсок, шамандар жан-жаныбарларды, куштарды символикалык түрдө алардын кыймыл-аракетинен эмне кылуу экендигин түшүнө билишкендигин байкай алабыз. Себеби, алар табият менен жуурулушуп, анын бир бөлүгү сыяктуу болуп калышкан. Мисалы: бүркүт айылдын үстүнө айланып учса, ал айылга жардам берүү керек, бир жамандык тооруп турат деп түшүнүшкөн. Ал эми бийик тоону көздөй учса,

ошол тоого барып, сыйынуу иштерин, ритуалдарын жүргүзүү керек деп түшүнүшкөн. Мындан улам, жан-жаныбарлар, куштар шамандардын колдоочусу гана эмес, жардамчылары да болгондугун көрө алабыз.

Шаманчылык-диндин эң байыркы формаларынын бири. Байыркы Кыргыздар шаман динин да тутунуп келишкени белгилүү. Кыргыз шаманчылыгы тууралуу маалыматтар жана изилдөөлөр аз болгон, бирок бир жагынан Сибирдик жана Борбордук Азиялык шамандыкка мүнөздүү болгон көптөгөн өзгөчөлүктөр Кыргыз шаманчылыгында кезиге тургандыгына ынанууга болот.

Кыргыз шаманчылыгы ар түрдүү диний системалар чырмалышып кеткен өзүнчө эле бир «түйүн» сыяктуу. Кыргыз шаманчылыгынын генезиси, Түпкү курамы теги жагынан Кыргыз элинин этникалык элементтеринин калыптануусунун татаал процесстерин чагылдырат. Бирок Кыргыз шаманчылыгынын кийинки формалары түзүлүшү жагынан, Чыгыш жана Батыш Түркстандын отурукташкан калкынын Кыргыз уруулары менен түзтөн-түз карым-катнашы жүздөгөн жылдар бою, маанилүү ролду ойноп, алар Кыргыз диний идеологиясына өз таасирин тийгизишкен.

Шамандык да (эмдөө-домдоо ырларын ырдоо жана даб же жаргак менен капталган тегерек музыка инстурментин койгулоо менен коштолуп, адамды кандайдыр бир абалга же болбосо ошол музыканы угуу менен бирге берилүүгө алып келген каадалардын бири болуп эсептелет. Себеби каада-салттардын пайда болушу да ата-бабалардан калган бир нарк насил деп айтсак туура келет) учурунда шамандын же бүбү-бакшынын көзгө көрүнбөгөн рухтар менен мамиле түзүүсүнө байланышкан ишенимге негизделген. Шаманчылык Африканын Түндүк жана Чыгыш Азиянын элдеринде, Американын индеец урууларынын арасында кеңири тараган. Шаманчылыктын негизги функциясы-дарттуу адамдарды «дарылоо» [8].

Шамандарда негизгиси дартты «дарылоо» болгону менен, кандайдыр бир башкача жактан да адамга касиеттүүлүгү менен аралашып, жеке адамдын жанынын кожоюну болуп эсептелген. Рухтар адамды дартка чалыктырган оруу-сыркоону кубалоону, тумарларга жандуу күч берүүнү, төлгө тартууну, баласыздарга бала тартулоону, малдын төлүнүн амандыгын, түшүмдүн мол болушун жана башка ушундай жакшы тилектерди сурашкан, жин, шайтандар, албарстырлар сыяктуу терс күчтөр менен кармашкан, кожоюн рухтардан өзүнүн каалоо-тилегин ишке ашырып коюууну өтүнүшкөн, рухтардын атын атоо менен көзү ачыктык кылышкан. Түлөө, курмандык чалуу сыяктуу магиялык иш-аракеттердин жардамы аркасында рухтардан орулуу адамдын жанын, жаңы төрөлгөн наристенин күчүн, ийгиликтүү аңчылыкты сууруп алышкан. Шаманчылык полеолит доорунда пайда болгон. Байыркы адамдар өздөрүнүн өлгөн тууган - туушкандарынан коркушкан жана аларды сыйлашкан. Алардын пикири боюнча өлгөн адамдын жаны дагы дале болсо жашай берет. Ошол себептен алар арбактарды тамак-аш менен камсыз кылышкан, алар менен кошо жаныбарларды көмүшкөн, өлгөн адам үшүбөсү үчүн сөөктү очоктон алыс эмес жерге көмүшкөн жана башка ушул сыяктуу каадалык иштерди аткарышкан. Аска бетиндеги сүрөттөрдө ийгиликтүү аңчылыктын шарттары менен ырым-жырымы жана каада-салттуу бийлери сакталып калган. Бул сүрөттөр аркылуу адамдын өмүрү менен өлүмүн, жаны менен денесин терең түшүнүүгө аракет кылышкан [9]. Мындай көрүнүштө жер-жерлерде кездешет жана алар ар кандай кыймыл аракеттер менен бийлешип, жакыр жашаган үй-бүлөнүн, кыйынчылыкта, ачарчылыкта, кыйын жашоо менен күрөшүп жаткан жана айыкпас дартка кабылган адамдарды азгырып, көптөгөн ийгиликтерге жетесиңер дешкен. Мисалы Ысык-көл облусунун Түп районунун Ички-суу айылында жана Жети-Өгүз районунда болуп өткөн.

Шаман дини жана дарылоонун ага байланышкан түшүнүктөрү, ыкмалары Кыргыздын көз карашында манилүү ролду ээлеп, алардын турмуш тиричилигинде бекем сакталып келет.

Илгери Кыргыздардын рухий турмушунда шамандык ишенүүлөрдүн маанилүү элементи болгон сыйкырчылык да орун алып келген. Адамдарга жана аны курчап турган айлана-чөйрөгө дубакөй сөз менен же сырдуу предметтердин жардамы менен тасир этүү сыйкырчылыктын же магиянын негизин түзгөн. Ишеним боюнча адамдарга көз кандай таасир тийгизсе, тил менен сөз да ошондой таасирин тийгизе алат.

**«Дартты дарылоо дабасы»:** От адамдын тиричилик шартынын, жашоосунун эң маанилүү фактору экени белгилүү. От бир жагынан тазалануу каражаты болсо, экинчи жагынан адамдарга коркунуч сезимин пайда кылган. Андыктан аны «Тилсиз жоо» деп аташкан. Ал эми оттун тазалоочу касиети реалдуу факт экени талашсыз. Оттун жардамы менен жүргүзүлгөн тазалоо ырым-жырымы «Аластоо», «Кинне» (Киннелөө) деп аталат. Мунун башы зорастризимде жатса да, бизге кеңири тарап, башка диний көз караштар менен жуурулушуп кеткен. Ал эми Кыргыздар отко табынуунун негизги булагы болуп, анын урууучулук, үй-бүлө адаттары менен болгон терең байланышы бар. Атүгүл күлдү тебелөө да чоң күнөө деп эсептешип, көп оруунун себебин оттон издешкен жана аларды оттун жардамы менен айыктырууга аракет кылышкан. Жалпылап айтканда, Кыргыздар отту ыйык көрүшүп, чоочун кишиге коломтодон от берүүгө тыюуу салышкан. Анткени алардын оюу боюнча ал үйдүн кутун кошо бергенге тете болгон. Кыргыздардын кут жөнүндөгү түшүнүгү да от менен байланыштуу болсо керек. Себеби кут да алоолонгон от болуп эсептелинет [10].

**«Өлүк узатуу»:** Байыркы Кыргыз эли шаман динин тутунуп келген учурунда өлүктү көмүү алардын диний көз караштарынын курамдык бир бутагы болгон. Алар өлгөндөрүн байыркы үрп-адат боюнча боз үйгө коюшкан. Туугандары анын жанына курмандык чалынган малдын этин коюшуп, андан кийин атчан боз үйдү жети жолу айланган. Эшиктин алдынан өтүп бараткан сайын, жети жолу айланып «беттерин бычак менен тилишип, ыйлашып, жоктошкон». Өлгөн адамдын буюмдары жана минген аты менен кошо өрттөгөн. Сөөктү өрттөгөндөн кийин күлүн бир жыл өткөзүп чогултуп, анын урматына (барк) күмбөз сыяктуу таштан күмбөз салышып, маркумдун таш айкелин орноткон. Көмүү убагында башка адамдар «белек» кылып берген мансаптарын да чогуу көмүшүп белектерин катар-катар тизишкен.

Ата-бабаларыбызда «өлүктү узатуу» төмөндөгүдөй эскертүүлөрдөн турат. «Адам өлгөндө анын арбагына кырк күнгө чейин, же төрт күн күнүгө бирден шам жагышат. Себеби өлгөн адамдын арбагы кырк күн бою өзүнүн боз үйүнө келип, балдарынын абалын көрүп турат деп болжолдонот. Ал үчүн кечки күүгүмдө, шам жакканга чейин каалганы ачып койуп, босогого ак кийиз төшөп, маркумду тосуп алууга даярданышат. Боз үйдө олтургандардын баары арбака чөйчөктөрүн тартуулашып шам жагышат».

Маркумдун сүрөт турпатын жасоого байланышкан бүткүл ырым жырымдарды колдонушуп, тиги дүйнөдө жакшы жашоосун камсыз кылуу, ага тирүүсүндө кандай шартта жашаган болсо, ошондой шарт түзүп берүү максатын көздөгөн. Маркумга тургузулган эстеликтин Кыргыз каада-салты менен Енисейдеги жазма эстеликтерде чагылдырылган байыркы урууларадагы өлүк көмүү үрп-адатынын тамыры бир.

**«Табыпчылык»:** Байыркы шаманга ишенген кыргыздар барабанын уруп, тегеренип алып бийлешип ооруган адамдын кандай орууга чалдыкканын билүүгө аракет кылышчу. Ал тургай ошол түрдө бийлешип, орулууну айыктыруусуна ишенишчү. Оруу-сыркоо көбүнчө жаман рухтун таасиринен пайда болот деп карашат. Түш жооруйт, төлгө салат, жылдызга карап келечекти белгилейт.

Кандай кесел болсо да суу берген. Оруусу күчөп кетсе, бул оруунун ээси бар экен деп, көзү ачык, бакшы-бүбүгө салган. Жылан, кара-курт, бөй чакса, түкүрүккө түкүртүп, тамагын күчөп берген. Шоона жиптен мойнуна «малт» кылып байлаган. Мүмкүн болсо чаккан жылаанды өзү отко тирүүлөй каптаган [11].

**«Баласы токтобогон кишилер»:** Жаңыдан төрөлгөн баласын токтоп калышын тилеп, союлган бөөрүнүн оозунан өткөрөт. Төрөбөй калган аялдар кайың жыгачтардын түбүнө келип ошол жерде түнөшкөн. Эгерде кийин уулдуу же кыздуу болсо кайың жыгачынын руху бизди колдоп Көкө Теңирге жеткирди, деп ишенип келишкен.

Буга эң жөнөкөй мисал: «Манас» эпосу. Мында, төрөбөй жүргөн аялына «Бейиттерге барып дуба кылбадың, Ыйык булактарга барып сыйынбадың, Мөмө-жемиштүү бак-даракка сыйынбадың»-дейт, Жакып мындан тышкары, баланы сактай турган periште, пери сыяктуу «Умай энеси» бар деп билген. Ошон үчүн Кыргыздар балдарына «Умай эне колдосун» деп көп айтат. Бул сөз, азыр дале Кыргыздардын арасында көп колдонуулуп келет.

**«Дарактарга чүпүрөк байлоо»**: Булактарга тыйын таштоо, тоолорго сыйынуу, эски мазарларга ишенүү, бул бардыгы жер-суу рухун ыйык деп ишенгендигинин белгиси болуп саналат. Кыргыздар өздөрүнчө табигий кырсыктарга же жаратылышта кандайдыр башка өзгөрүү болбосун, аны ар нерсеге жоорушкан.

**«Кара жиндүү бакшылар»**: Жин оруусу менен ооруган жана талмалуу адамдарды даарылашкан. Адатта бакшылар орулуу кишилерди көргөндө жиндерин чакырып, ал жиндер аркылуу оруунун жинин айдашкан. Олуя-машачктарынын, жер суулардын, мазардын аттарын айтып кыйкырат. Отту чоң жактырып коюп, оттон секиришип, орулуу кишиден аттап, анын денесинин ар кайсыл жагын ургулап, отко орокту салып, кыпкызыл болуп кызарганда тили менен жалайт. Талмалуу болгондордун талмасын айыктырып, илишкерин кубалайт.

**«Отко киргизүү»:** Кыргыз элинде ата-бабалардан бери келе жаткан салт боюнча жаңы келген келинди отко май салып жүгүнтүп, «отко кирди» киргизген. Бул салт азыркы мезгилде де эл арасында колдонулат. Жаңы келген келиндин кайын атасынын үйүнө киргизгенди да отко киргизүү дейт. Отко киргизгенде мал союлуп, той берилет. Кечинде келин кыздар чогулуп жаңы келиндин бетине «бүркөөнчүгүн» жулуп алат, жаңы келин босогодон коломтого чейин жүгүнүп барып анан көшөгөнүн ичине кирип олтурат.

**«Күйгөн отко түкүрбө»:** Абалы ынтымактуу башталган үй-бүлөлүк жашоо бара-бара ыдырап, тарап кеткен учурларда болот. Очок, от үй-бүлөнүн жашоосунун символу катары эсептелет да, коломтоң өчпөсүн, түтүнүң булап турсун деген сөздөр ошондон калган болсо керек. Ошол себептүү от ыйык деп эсептелип, отту теппе, отко суу куюуп өчүрбө, отту бутуң менен ичкер этпе өңдүү накылдар уруулар тарабынан айтылып келет [12].

**«Учуктоо»:** Ооруп калган кишини учуктоо жолу менен да даарылашкан. Темирден жасалган буюмду (куралды) отко салып кызартат да орулууну жылаңач босогого отургузуп коюп, кызыган темирди ооруган кишиге жакын кармап, ага муздак суу куят же бүркөт. Кызарган темир сууп, орулуу киши калчылдап титирей баштаганында, төкө жылуулап жаткырып койот. Муну учуктоо деп айтышат.

## Колдонулган адабияттар:


1. Табышалиева А. Вера в Туркестане. Б.,1993.
2. Дин маданиятынын тарыхы 125/ 20-23 –бет.
3. Ислам. Энциклопедический словарь, Ф.1990. стр 56.
4. Манас энциклопедиясы. Б. 1995.

5. Б.Мурзараимов Диндер тарыхы Бишкек-2008. 180/ 11- бет.
6. Абдылдаев М. Дин таануу боюнча окуу куралы. Б.2004. 136 б.
7. Анохин А.В. К материалу и шаманству у алтайцев. стр15.
8. Ө.Осмонов. кыргызстан тарыхы./ Маалыматнаама.-Бишкек: Бийиктик, 2003.-65-бет
9. Б.Солтоноев. Кызыл Кыргыз тарыхы. –китеп.-Бишкек: Учкун, 1993.-263-бет
10. Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясы философия жана укук институту. Элдик мурастын философиясы.- Бишкек, 2004.-80-бет.
11. Ү.Сүйүн ажы. Кыргыз санжырасы. (А.Карасартов котормологон) Кыргыздар 2т.- Бишкек: Кыргызстан., 1993.-114-бет.
12. С. Мамбеталиев. Кыргыз жана кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер котормо/ С.М.Абрамзон Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду 1999.-220-бет.

**Рецензент: филос.и.д., профессор чл.корр. НАН КР Мукасов Ы.М.**

УДК: 101.1:37.0 (575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-137-141

**Чынгожоева Б. Н.**
КР УИАнын А. А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту
**Чынгожоева Б. Н.**
Институт философии, права и социально-политических исследований им. А.А. Алтмышбаева, НАН КР
**Chyngozhoeva B. N.**
Institute of philosophy, law and socio-political researches named after A. A. Altymyshbaev in NAS of the KR
**e - mail:** bermetc@bk.ru

## ПАНДЕМИЯ ШАРТЫНДАГЫ ОНЛАЙН БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ
## ПРОБЛЕМЫ ОНЛАЙН ОБРАЗОВАНИЯ В УСЛОВИЯХ ПАНДЕМИИ
## PROBLEMS OF ONLINE EDUCATION IN THE CONTEXT

**Аннотация**: Аталган макалада пандемия шартында онлайын билим берүү маселеси каралды. Ошондой эле, мындай шартта адамдарда жогорку тынчсыздануу пайда болуп, бардык маалыматты кабыл алууга мүмкүндүктөрү болбогондугу айтылат. Билим берүү мекемелеринин жетекчилери бардыгы үчүн өздөрүнүн жетекчилигинде жана кеңеш берүүсүндө канчалык ачык жана түшүнүктү болууга умтулушса, бул онлайн билим берүүгө пайдалуу болмок.

**Негизги сөздөр**: пандемия, онлайн билим берүү, принцип, модель, ыкма, коомчулук, маалымат, платформа, сценарий.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются проблемы онлайн образования в условиях пандемии, также в ней говорится о том, что люди испытывают повышенное беспокойство и могут быть не в состоянии обрабатывать всю информацию, которую мы им даем, так, как они могли бы это сделать в противном случае. Так что чем больше руководители